Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24. 700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору, доцент Дунканаев Абдыкалык Токтогуловичтин изденүүчү Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын **“Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси”** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

# КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке дал келиши.** У. Т. Мураталиеванын **“Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси”** аттуу кандидаттык иши диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Ал эми изилдөө ишинин мазмуну, концептуалдык негизги 10.02.01 – кыргыз тили адистигине толук жооп берет.

**2. Иштин максаты.** Жалпы риториканын айрым өзөктүү маселелеринин жана кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларына, принциптерине, манипуляциялык ык-амалдарына, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелерин кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде изилдөө иштин башкы максаты болуп саналары белгиленет.

Бул негизги максатты ишке ашыруу үчүн:

1) жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде жалпы риториканын, анын ичинде кара риториканын теориялык, практикалык маселелеринин изилдениш абалына алардагы концептуалдуу көз караш-концепцияларга жана илимий адабияттарга сереп жүргүзүү;

2) жалпы риторикада каралчу негизги базалык түшүнүк-категорияларды, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптерин, прецендеттүүлүк кубулушунун конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалындада изилдөө ;

3) кара риториканын колдонулуу чөйрөсү, принциптери, суггестивдик лингвистика менен болгон байланышы, кептик стратегиялардын типологиясы, манипуляциялык ык-амалдар өңдүү теориялык негизги маселелерди кыргыз тилиндеги көркөм жана медиатексттердин мисалында иликтөө;

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 10.24-01
«25» 11 2024 г.

4) текстке риторикалык талдоо жүргүзүүнү кыргыз тилиндеги көркөм тексттердин мисалында көрсөтүү жана медиатексттерден алынган мисалдар аркылуу элокуция, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушу өңдүү маселелерге илимий негизде илик жүргүзүү.

Диссертациянын изилдөө обьектиси диссертациянын максатына жана милдеттерине толук дал келет.

**3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Кыргыз тили илиминде риторика, анын ичинде кара риторика маселелери илимий-теориялык негизде териштирүүгө алына элек. Азыркы учурда риторика грамматика, логика, стилистика, кеп маданияты, поэтика өңдүү жана башка бир катар тармактар менен тыгыз байланыштагы, филологиялык циклдагы илим катары гана эсептелбестен, дээрлик бардык илимдерге жана искусствонун түрлөрүнө тиешеси бар, ал гана эмес, аларды өздөштүрүүнүн “кептик инструментине” айланган өзгөчө илимий тармак, экинчи жагынан, таасирдүү, максаттуу, натыйжалуу сүйлөө чеберчилиги, искусствосу катары аныкталып жүргөндүгү белгилүү. Ошондуктан, мурдатан белгилүү болгон риторикалык канон риториканын да, бүгүнкү күндөгү неориториканын да өзөгүн түзүп, оозеки кептик коммуникация процессиндеги өзгөчө актуалдуу маселелердин катарында турат. Ал эми, оозеки кептик коммуникация адамдар ортосундагы пикир алышуунун, сүйлөшүүнүн негизги каражаты катары эсептелери эч кандай талаш жаратпайт.

Күнүмдүк турмушта демагогия, псевдологикалык технологиялар, вербалдык агрессия, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын кайсы бирин анын кара риторикага мүнөздүү экендигин билбей, же аңдабай колдонуунун өзү кара риториканын коомдук турмуштагы кептик реалдуулук экендигин ырастайт. Демек, мындай кептик реалдуулук катары эсептелген кара риториканын теориялык жана практикалык маслелелерин изилдөөгө алган бул диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу төмөндөгүдөй жагдайлар менен негизделген:

- кара риторикага кыйыр байланышкан айрым бир эмгектерди эске албаганда, анын кыргыз тили илиминде атайын изилдөөнүн обьектиси болбогондугу;

- коомдук жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө активдүү колдонулган псевдологикалык технологиялар, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын чеги, түрлөрү ажыратылып, конкреттүү тилдик фактылардын мисалында каралбагандыгы;

- кыргыз тили илиминде текст система-структуралык, семантика-функционалдык, лингвопрагматикалык анализдердин обьектиси катары лингвистикалык, лингвостилистикалык, филологиялык өңүттөрдөн талдоого алынганы менен, тексттин риторикалык түзүзүлүшүнө талдоо жүргүзүлбөгөндүгү;

- көркөм текстке риторикалык талдоону жүргүзүүгө арналган илимий изилдөөлөрдүн жоктугу;

- кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышында, кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлөктөрүнүн текстте чагылдырылышында, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык агрессия, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү амлдардын ишке ашуусунда риторикалык фигуралардын маанисинин ачылып берилбегендиги.

Конкреттүү түрдө көрсөтүлгөн бул аспектилер теманын актуалдуулугун шарттап турат.

**4. Илимий жыйынтыктары.**

**4.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.**

Диссертациялык иште риторика түшүнүгүнүн, анын ичинде кара риториканын теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминдеги, туркологиядагы, кыргыз тили илиминдеги изилдениш абалына токтолуу менен катар, риторикада каралчу негизги базалык түшүнүк-категориялар, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптери, прецеденттүүлүк кубулушунун конкреттүү тилдик иллюстрациялары зарылдык катары белгиленет. Риториканын айрым өзөктүү маселелеринин, ошону менен бирге эле, кара риториканын принциптеринин көрсөтүлүшү, анын суггестивдик лингвистика менен болгон байланышынын, кептик стратегиялардын типологиясынын, кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдардын, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушунун, апазиопезис, прозиопезис жана парцелляция өңдүү бир катар теориялык, ошондой эле көркөм жана медиатексттердин риторикалык талдоо жүргүзүүгө байланышкан практикалык мүнөздөгү маселелери кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде биринчи жолу изилденип илимий талдоодон өткөн. Жыйынтыгында  иште тил илимдеринин өнүгүшү үчүн кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий жаңы теориялык натыйжалар алынган:

**1-натыйжа. Жарым-жартылай жаңы,** анткени, тил илиминде буга чейин эле риториканын жана кара риториканын маселелери илимий обьект катары ар кандай аспектилерден, багыттардан, өңүттөрдөн изилдөөгө алынып келген. Андыктан, булар иштин максатына жетүүдөгү пайдаланылуучу даяр материалдар болуп саналат. Арийне, диссертанттын коюлган маселеге карата жекече көз караштагы илимий-теориялык ойлорунун билдирилишин жаңы деп баалоого болот. (1.1., 1.2., 1.3.).

**2-натыйжа. Жаңы.** Жалпы риторика жана кара риторика боюнча кыйла изилдөөлөр жүргүзүлүп, бир катар илимий эмгектер жаралган жана ал эмгектердин көпчүлүгү коюлган маселени ишке ашыруу үчүн илимий-методологиялык негиз катары алынган. Алардын маани-маңызына, оош-кыйыштарына сереп салынып, кошумча ой-пикирлер билдирилип, так талдоолор жүргүзүлөт. Иштин максат-талаптарына ылайык, изилдөөнүн иллюстративдик материалдары, булактары, обьектиси, предмети, методдору аныкталып көрсөтүлөт. (2.1., 2.2.).

**3-натыйжа. Жаңы.** Бүгүнкү күндө илимий-технологиялык өнүгүүнүн натыйжасында башка илимий тармактар менен катар, риториканын да маани-маңызы өзгөрүп, функциясы артып, анын педагогикалык риторика, юридикалык риторика, саясий риторика, дипломатиялык риторика, илимий риторика, полемикалык риторика, компоративдик риторика, манипуляциялык риторика, кара риторика өңдүү ж. б. түрлөрү белгиленет. Жалпы жана жеке риторикага басым жасоо менен, теориялык риториканын негиздери, кепти жаратуунун лингво-психологиялык жагдайлары, механизм-принциптери, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүү, риториканын базалык түшүнүк-категориялары каралат жана бул маселелер кыргыз тилинин факты-материалдары аркылуу сыпатталып териштирилет. (2.3., 2.4., 2.5.).

**4-натыйжа. Жаңы.** Кара риторикага так мүнөздөмөлөр берилет. Кара риторика кепти каалаган нукка буруу, оппонентти, публиканы өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн, риторикалык, диалектикалик, рабулистикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонуу катары аныкталат жана этикалык нормаларды бузуу менен, оппонентти эмоциялык тең салмактуулуктан чыгаруу аркылуу аны өз эркине баш ийдирүүгө, макулдатууга багытталган аракеттердин жыйындысы катары да түшүндүрүлүп, буларга карата конкреттүү факты-материалдар келтирилип далилдөөгө алынат. (1-бап, 2-бап, 3. 1.).

**5-натыйжа. Жаңы**. Кептик коммуникацияда колдонулуучу бардык коммуникативдик жана техникалык ык-амалдар, методдор өзүнчө турганда

бейтарап абалда болуп, ал эми алардын кара, же ак риторикага тиешелүү болуп калышы мындай каражаттардын колдонулуу максатына байланышта болору бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн айрым окумуштуулардын пикирлери менен бекемделет. Суггестиянын методдорунун тил илиминде колдонулушу суггестивдик лингвистиканын жаралышын, кара лингвистика суггестивдик лингвистиканын алкагында да каралаарын көрсөтө келип, суггестиянын кара риториканын коммуникативдик-когнитивдик негизин түзө тургандыгы кара риториканын стратегиялык максаты болуп саналарын белгилейт. (3.2., 3.3., 3.4.).

**6-натыйжа. Жаңы.** Көркөм текст – искусство, ал илимий изилдөөнүн да обьектиси. Көркөм текстке талдоо жүргүзүү аркылуу тексттин риторикалык түзүлүшүнүн ар кандай аспектилерине мүнөздүү маселелерди, кеп аркылуу таасир этүүнүн түрдүү ыкмаларын, кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышын, тексттеги кептик өзгөчөлүктөрдүн чагылдырылышын, риторикалык фигуралардын жана стратегемалардын колонулушун аныктоого алат. (3.5., 3.6.).

**7-натыйжа. Жаңы.** Изилдөө ишинде манипуляцияларга, вербалдык амалдарга көңүл бурулуп, кара риторикада аларды ишке ашыруунун каражаттары катары амплификация, климакс, антиклимакс, антитеза, атрибутизация, апозиопезис, прозиопезис, парцелляция өңдүү жана башка риторикалык фигуралардын маани-маңызы ачык-айкын белгиленет жана аларды далилдөө максатында интернет булактарынан алынган материалдар, саясий кайым айтышууларга байланыштуу тилдик илдюстрациялар талдоого алынат. (3.5., 3.6., 3.7.)

**4.2. Диссертациялык иштин мазмунунан чыгарылган ар бир илимий натыйжанын негизделүү жана тастыкталуу даражасы.**

**1-натыйжа ынанымдуу.**

Диссертациялык иште риторика түшүнүгүнүн, анын ичинде кара риториканын теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминдеги, туркологиядагы, кыргыз тили илиминдеги изилдениш абалына туура мүнөздөмө берилген. Риториканын жана кара риториканын теориялык маселелерине карата диссертанттын жекече көз караштагы ой-пикирлери ынанымдуу. (1.1., 1.2., !.3.

**2-натыйжа негиздүү.** Жалпы риторика жана кара риторика боюнча кыйла изилдөөлөр жүргүзүлүп, бир катар илимий эмгектер жаралган жана ал эмгектердин көпчүлүгү коюлган маселени ишке ашыруу үчүн илимий-методологиялык негиз катары алынган. Алардын маани-маңызына, оош-

кыйыштарына сереп салынып, кошумча ой-пикирлер билдирилип, так талдоолор жүргүзүлгөн. Иштин максат-талаптарына ылайык, изилдөөнүн иллюстративдик материалдарынын, булактарынын, обьектисинин, предметинин, методдорунун аныкталып көрсөтүлүшү негиздүү. (2.1., 2.2.).

**3-натыйжа ишенимдүү.** Бүгүнкү күндө илимий-технологиялык өнүгүүнүн натыйжасында башка илимий тармактар менен катар, риториканын да маани-маңызы өзгөрүп, функциясы артып, анын педагогикалык риторика, юридикалык риторика, саясий риторика, дипломатиялык риторика, илимий риторика, полемикалык риторика, компоративдик риторика, манипуляциялык риторика, кара риторика өңдүү ж. б. түрлөрү белгиленген. Жалпы жана жеке риторикага басым жасоо менен, теориялык риториканын негиздери, кепти жаратуунун лингво-психологиялык жагдайлары, механизм-принциптери, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүү, риториканын базалык түшүнүк-категориялары кылдат каралган жана бул маселелердин кыргыз тилинин факты-материалдары аркылуу сыпатталып териштирилиши ишенимдүү. (2.3., 2.4., 2.5.).

**4-натыйжа негиздүү.** Кара риторика кепти каалаган нукка буруу, оппонентти, публиканы өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн, риторикалык, диалектикалик, рабулистикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонуу катары сыпатталган жана этикалык нормаларды бузуу менен, оппонентти эмоциялык тең салмактуулуктан чыгаруу аркылуу аны өз эркине баш ийдирүүгө, макулдатууга багытталган аракеттердин жыйындысы катары да түшүндүрүлгөн, натыйжада буларга карата конкреттүү факты-материалдар келтирилип далилдениши негиздүү. (1-бап, 2-бап, 3. 1.).

**5-натыйжа да негиздүү**. Кептик коммуникацияда колдонулуучу бардык коммуникативдик жана техникалык ык-амалдар, методдор өзүнчө турганда бейтарап абалда болуп, ал эми алардын кара, же ак риторикага тиешелүү болуп калышы мындай каражаттардын колдонулуу максатына байланышта болору бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн айрым окумуштуулардын пикирлери менен бекемделген. Суггестиянын методдорунун тил илиминде колдонулушу суггестивдик лингвистиканын жаралышын, кара лингвистика суггестивдик лингвистиканын алкагында да каралаарын көрсөтө келип, суггестиянын кара риториканын коммуникативдик-когнитивдик негизин түзө тургандыгы кара риториканын стратегиялык максаты болуп саналарын негиздей алган. (3.2., 3.3., 3.4.).

**6-натыйжа ишенимдүү.** Көркөм текстке талдоо жүргүзүү аркылуу тексттин риторикалык түзүлүшүнүн ар кандай аспектилерине мүнөздүү

маселелерди, кеп аркылуу таасир этүүнүн түрдүү ыкмаларын, кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышын, тексттеги кептик өзгөчөлүктөрдүн чагылдырылышын, риторикалык фигуралардын жана стратегемалардын колдонулушун аныктоого алышы ишенимдүү. (3.5., 3.6.).

**7-натыйжа негиздүү.** Изилдөө ишинде манипуляцияларга, вербалдык амалдарга көңүл бурулуп, кара риторикада аларды ишке ашыруунун каражаттары катары амплификация, климакс, антиклимакс, антитеза, атрибутизация, апозиопезис, прозиопезис, парцелляция өңдүү жана башка риторикалык фигуралардын маани-маңызы ачык-айкын белгиленген жана аларды далилдөө максатында интернет булактарынан алынган материалдар, саясий кайым айтышууларга байланыштуу тилдик илдюстрациялардын талдоого алынышы негиздүү. (3.5., 3.6., 3.7.)

**4.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

Кыргыз тили илиминде риторика, анын ичинде кара риторика маселелери атайын изилдөөнүн обьектиси катары алгачкылардан болуп колго алынып отурат. Диссертациялык иштин илимий натыйжалары риторика, кара риторика жана кептик коммуникативдик багыттар боюнча керектүү илимий эмгектерди, окуу куралдарын жаратууга, натыйжалуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жол ачат.

**1-натыйжа.** Риторика, кара риторика жөнүндөгү жыйынтыктар бул багыттагы илимий эмгектерди талдап үйрөнүүгө, теориялык ойлорду байытууга, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жол ачат. (1-бап).

**2-натыйжа.** Жалпы риториканын жана кара риториканын илимий-методологиялык негизи, методдору, обьект-предмети, изилдөө принциптери, ролу, кызматы ачыкталат, алардын башка тилдик каражаттар менен байланыштуулугу, окошоштугу жана айырмачылыгы белгиленет. (2-бап: 2.1., 2.2.).

**3-натыйжа.** Жалпы жана жеке риторика, риторика бир катар түрлөргө бөлүштүрүлөт жана ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптери, риториканын базалык түшүнүк-категориялары белгиленет. (2-бап: 2.3., 2.4., 2.5.).

**4-натыйжа.** Кара риториканын максаты, анын колдонулуу чөйрөсү, принциптери көрсөтүлөт жана риторикалык, диалектикалык, рабулистикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонуу катары аныкталат. (3.1.).

**5-натыйжа.** Суггестиянын методдорунун тил илиминде колдонулушу суггестивдик лингвистиканын жаралышын, кара риторика суггестивдик лингвистиканын алкагында да каралаары, кара риториканын коммуникативдик-когнитивдик негизин суггестия түзө тургандыгы кара риториканын стратегиялык максаты болуп саналат. (3.2.,3.3.,3.4.).

**6-натыйжа.** Көркөм текстте таасир этүүнүн ар түрдүү ыкмалары, кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышы, тексттеги кептик өзгөчөлүктөрдүн чагылдырылышы, риторикалык фигуралардын жана стратегемалардын колдонулушу аныкталат. (3.5.,3.6.).

**7-натыйжа.** Кара риториканы ишке ашыруунун каражаттары белгиленет, ал каражаттар ар түрдүү булактардан алынган материалдар менен бекемделет. (3.5.,3.6., 3.7.).

**5. Квалификациялык белгилерге дал келиши.**

*1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү:*

1.1. Илимий чөйрөсүнө жана темасына жараша илимий жактан жаңы негизделген техникалык иштеп чыгууларды түшүндүрүү.

*2. Диссертациянын жыйынтык жаңылыктарынын деңгээли.*

2.1. Жыйынтыктарынын дээрлик бардыгы жаңы деп эсептелет.

*3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу.*

3.2. Жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы.

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

*5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли.*

5.3. Тармактын масштабында

*6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар.*

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**6. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациянын негизги илимий жоболору риторика, кара риторикалык каражаттар, алардын прикладдык өңүтү жана кептеги, көркөм тексттеги функциясы боюнча керектүү илимий эмгектерди, окуу-куралдарын жаратууга, натыйжалуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө теориялык-идеялык жактан жол ачат. Изилдөө ишинин натыйжаларын жана жыйынтыктарын жогорку окуу жайларынын филология факультеттериндеги риторика, кеп маданияты жана стилистика боюнча окутулчу лекцияларда колдонууга, изилдөөдөн

топтолгон материалдарды, көркөм тексттик фактыларды маалымат билдирүүчү материалдар катары кеңири пайдаланууга болот.

**7. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана кортундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

Диссертациянын мазмунун чагылдырган эмгектердин жалпы саны – 10.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**


**1.** Мураталиева, У.Т. Элементы черной риторики в диалогических жанрах фольклорных произведений [Текст]/ /У.Т.Мураталиева// Научный аспект, т. 4, № 2 – 2019. -С. 896-904. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=39164482

**2.** Мураталиева, У. Т. Сүйлөшүү стилин речте колдонуу ыкмасы жана тилден []тышкаркы факторлору[Текст]/ (Текст) /У.Т. Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. -2019. №4. 125-135-б.б. ttps://www.elibrary.ru/item.asp?id=42565345

**3.** Мураталиева, У.Т. Сүйлөшүү стилиндеги бейвербалдык каражаттардын колдонулушу[Текст]/У.Т.Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. -2019. №4. 136-147-б.б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42565346

**4.** Мураталиева, У.Т. Риториканын адамга таасир этүүсү жана сөздүн магиялык табияты [Текст] /У.Т. Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. 2019. №3 162-168-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42466314.

**5.** Мураталиева, У.Т. Риторикадагы сөздөрдүн магиялык күчү жана алардын лексика-семантикалык белгилери [Текст] / У. Т. Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. -2019. -№3. 169-175-б.б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42466315

**6.** Мураталиева, У.Т. Влияние красноречия на жизнь человека [Текст] /У.Т. Мураталиева// Научный аспект, т. 3 , №4 -2020. 292-299 стр. ISSN 2226-5694

**7.** Мураталиева, У.Т «Манас» эпосун кара сөзгө айландыруунун өзгөчөлүктөрү [Текст] /У.Т. Мураталиева// Вестник Кыргызстана. -2021. №1 (2) 58-65 стр. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48067904

**8.** Мураталиева, У.Т Элдик оозеки чыгармачылыкта кара риториканын берилиши [Текст] / У. Т. Мураталиева // Вестник КГУСТА. -2022. №1(75). 158-161 стр. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48339909

**9.** Мураталиева, У.Т. Чечендиктин диалогдук кепте берилиши (Текст) /У.Т. Мураталиева// [Текст] Академик Б.Орузбаева жана филология маселелери. Илимий жыйнак. -2016. 150-154-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48339909

**10.** Мураталиева, У. Т. Сөздүн магиялык кудурет-күчү жөнүндө [Текст] / У.Т. Мураталиева // Наука и новые технологии. -2013. №1. 265-270 стр.

**8. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

1. Афтореферат толугу менен диссертациянынын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине, жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, алынган жыйынтыктарга дал келет. Автореферattтын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

*9. Диссертациялык эмгекте учураган айрым мүчүлүштүктөр:*

1. Диссертациялык иштин темасы **“Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси”** деп аталат. Негизинен иштин жалпы мазмунунда риторика маселеси тууралуу кеңири сөз болгондугу анык. Ошондой болсо да, иштин максат-милдеттеринде: ... **кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларына, принциптерине, манипуляциялык ык-амалдарына, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелерин кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде изилдөө”,**(7-б.) – деп баса белгиленген. !-бапта риториканын теориялык маселелеринин изилдениши, 2-бапта изилдөөнүн материалдары, методдору каралат, ал эми, 3-бап **“Кара риториканын тилдик табияты”** деп аталып, коюлган маселенин негизги өзөгүн түзүп турат. Ушундан улам, диссертациялык иштин темасы **“Сөздүн магиялык кудурет-күчү: кара риторика маселеси”** деп аталса дурус болмок.

2. Теманын актуалдуулугу так жана конкреттүү белгилениши шарт, аны узун сабак сөз кылуунун кажети жок. Маселен, 4-бетте: **“Албетте, байыркы Грециядан башат алган классикалык риторика, монологдун теориясына негизделген оратордук искусство акырындап коомдук турмуштун түрдүү чөйрөлөрүндөгү, асыресе, маалымат айдыңындагы болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөр, анын ичинде инсандын коммуникативдик потенциалынын өсүүсү риториканын да табиятынын өзгөрүп-өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Ошондой болсо дагы байыркы доордон бери келаткан “Эмнени айтуу керек?”, “Кандай ырааттуулукта айтуу керек?”, “Кандай сөздөрдү колдонуп айтуу керек?” деген суроолор риторикалык канон түшүнүгүнүн өзогүн түзүп, озгөрүүсүз кала тургандыгы талашсыз. Анткени риторика менен кошо калыптанган риторикалык канон мазмунду ойдо тутуу, ойдогу мазмунду керектүү ырааттуулукта жайгаштыруу жана аны сөз аркылуу туюндуруу өңдүү ойдун кепке айланганга чейинки психофизиологиялык механизминин этаптарын камтыган универсалдуу структура катары эсептелет. Оозеки сүйлөшүү процессинде кептик коммуникацияга катышкандардын алдына коюлган максаттардын ишке ашуусу**

**риторикалык канондун алкагындагы этаптардын сапатына түздөн-түз байланыштуу"** – деген сыяктуу ойлор түшүндүрүп баяндоо мүнөзүндө берилген. Мындай ойлор теманы негиздөө эмес, баяндоо функциясын аткарып калган. (5-6-беттерде да орун алган.).

3. Коюлган жоболор туура. Диссертациялык иште кара риторикага байланыштуу элдик оозеки чыгармалардан, акындардын айтыштарынан, оозеки сүйлөшүү кебинен, саясат айдыңынан алынган факты-материалдардын негизинде көптөгөн мисалдар келтирилип, аларга карата диссертанттын жүйөөлүү пикирлери билдирилет. Ушуга карата атайын өзүнчө жобо иштеп чыгуу зарылдыгы бар.

4. Иштин жалпы мазмунунда көптөгөн терминдер, риторикага байланыштуу атоолор колдонулат. Диссертант буларга так түшүндүрмөлөрдү бере алган, бул жагын мыкты деп баалоого болот. Арийне, алардын айрымдарын факты-материалдардын негизинде далилдей кетсе, иштин сапаттуулугу мындан да жогоруламакпы деген ойдобуз.

5. Диссертациялык иш кыргыз тили илиминин маселесине арналган жана кыргыз тилинде жазылган соң, андагы каталарга жол берилбеши керек. Иште техникалык жактан кетирилген каталар көп учурайт. Бир сыйра текшерип чыгуу керек.

10. **Жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши.**

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспектиси, 27.

**Расмий оппоненттер:**

**Дунканаев Абдыкалык Токтогулович** – К. Тыныстанов атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессорунун м.а.

**Эмгектери:**

1. Кыргыз эл макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү. -Каракол: ЫМУ, 2010
2. Дидактикалык чыгармалардын тили макал - текст. Бишкек: 2016.
3. Кыргыз тил илиминдеги жаңы багыт башаты" (Академик С. Ж. Мусаевдин айрым изилдөөлөрү боюнча // Наука и новые технологии. -2023. -№12.

4. Сүйлөмдүн семантикалык-структуралык маселесине карата. -Бишкек: Ж.Баласагын атындагы университетинин жарчысы, 2015.

**Максутова Айзада Асанбековна** – филология илимдеринин кандидаты, Эл аралык Кувейт университетинин журналистика жана социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти

**Эмгектери**:

1. Кыргыз тилиндеги «өлүк» сөзүнүн тергөөлөрүнүн объектилери [Текст] / А. А. Максутова // ALATOO ACADEMIC STUDIES. Эл аралык Ала-Тоо университети. 2018. −№3 – 98-103-бб.
2. Виды эвфемизмов в кыргызском языке, связанных со смертью и выражением соболезнования [Текст] / А. А. Максутова // Бюллетень науки и практики. −Нижневартовск, Россия. 2021. −№7. С. 394-398.
3. Семантические группы эвфемизмов в кыргызском языке [Текст] / А. А. Максутова // Бюллетень науки и практики. −Нижневартовск, Россия. 2021. −№7.С.437-441.
4. Кыргыз тилиндеги «көмүү» сөзүнө байланыштуу тергөөлөр [Текст] / А. А. Максутова, Б. Ш. Усубалиев // ALATOO ACADEMIC STUDIES. Эл аралык Ала-Тоо университети. 2021. −№4 – 169-174-бб. 2.

**11. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

У. Т. Мураталиеванын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук (кандидаттык) диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук

даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңешке 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча кабыл алууга сунушталат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү, филология
илимдеринин доктору, доцент А.Т. Дунканаев

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн
колун тастыктайм:
Окумуштуу катчы, филология илимдеринин
доктору, доцент С.К. Каратаева

КБнын башчысы А. Жайнакова

А. Т. Дунканаевдин колун
ЫРАСТАЙМЫН
Окумуштуулар кеңешинин
катчысы
«21» 11 2024 г.